Жети-Өгүз айыл аймагынын
жергиликтүү кеңешинин
**XXVIII**-чакырылышындагы
**IV**-сессиясынын
№ 32- токтому менен бекитилди.

Төрага_____ __ ____Б.А. Ургаипов

# Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-2027-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасы.

**Жети-Өгүз айылы, 2024-жыл**

**Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2024-2027-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү планы**

| 1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨСҮ | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгы менен Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунда Жети-Өгүз, Липенка жана Ырдык айыл аймактарын бириктирип, Жети-Өгүз айылын административдик борбор деп аныктоо менен 2024-жылдын 25-мартында Жети-Өгүз айыгы аймагы түзүлдү. | |
| Географиялык абалы | Жети-Өгүз айыл аймагы Ысык-Көл облусунун чыгыш тарабындагы Каракол шаары жайгашкан, батыштан Оргочор айыл аймагы менен чектешет.<br>Айыл аймактын борбору – Жети-Өгүз айылы.<br>Борбордон алыстыгы 420 км.<br>Облустук борбору Каракол шаарынан алыстыгы 18км.<br>Темир жол түйүнүнөн алыстыгы 207 км.<br>Жети-Өгүз айыл аймагы 16 (он алты ) айылдардан турат: Жети-Өгүз , Ак-Кочкор, Желе-Дөбө, Чырак, Кабак, курорт Жети-Өгүз, Талды-Була, Липенка, Багатыровка, Ичке-Булуң, Зеленый Гай, Кытай, Жон-Булак, Ырдык, Алкым, Конкин. Жети-Өгүз айылы айыл аймактын борбору болуп эсептелет. |
| Жалпы аянты (га) | 166356га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Жети-Өгүз айыл аймагы тоолуу аймактардын катарын толуктайт, деңиз деңгээлинен Теплоключенка айылы 1700-2400 метр, ал эми курорт Жети-Өгүз жана Талды-Булак айылы 2400 метр бийиктикте жайгашкан.<br>Аймактын климаты континенталдуу кургак, жаан-чачындын орточо айлык нормасы 600-700 мм түзөт.<br>Кыш мезгили 5-6 айга созулат жана калың кар менен коштолот. Жайында орточо температура 25-30 ºС, кышында 20-25ºС. |

| | |
|---|---|
| А/А калкы (адам), анын ичинде: | 22910 |
| Жети-Өгүз айылы | 3802 |
| Ак-Кочкор айылы | 1895 |
| Желе-Дөбө айылы | 1263 |
| Чырак айылы | 1850 |
| Кабак айылы | 1367 |
| Курорт Жети-Өгүз айылы | 281 |
| Талды-Булак айылы | 0 |
| Липенка айылы | 1800 |
| Богатыровка айылы | 1185 |
| Ичке-Булуң айылы | 1670 |
| Зеленый Гай айылы | 98 |
| Ырдык айылы | 2992 |

| | |
|---|---|
| Алкым айылы | 1232 |
| Конкин айылы | 738 |
| Жон-Булак айылы | 2032 |
| Кытай айылы | 705 |
| СЭӨПнын максаты | Жети-Өгүз айыл аймагынын өнүгүү стратегиясы - айыл аймагыбыздын өнүгүүнүн багыты болуп эсептелет, ага жетүүнүн жолдору айылдарда түзүлүп сурамжыланган фокус топтор тарабынан аныкталган көйгөйлүү маселелерди чечүү багытында бир канча иш- чараларды аткаруу аркылуу аныкталды. Баардык аныкталган көйгөйлөр коомчулуктун ар бир мүчөлөрүн камтыган айылдарда өткөрүлгөн жыйындарда, элдин чогулуштарында талкууланып жана тастыкталып, айылдык Кенештин сессиясында бекитилди.<br><br>Жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсү жана жашоо шарты үчүн коомчулуктун бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу жана инвестиция тартуу аркылуу бардык тийешелүү шарттарды түзүп берүү менен жашоо деңгээлин жогорулатуу. Жергиликтүү өнүктүрүүгө стратегиялык мамиле маселелерди натыйжалуу чечүүнүн, ички жана тышкы ресурстарды пайдалануунун жаңы ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылып, пландаштыруу алкагын кеңейтип жана ой жүгүртүүнүн жаңы стилин калыптандырат.<br><br>Айыл аймагынын туруктуу өнүгүүсү бул - аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсү, азыркы муундун жыргалчылыгына келечек муундун жыргалчылыгы шайкеш келиши, курчап турган чөйрөнүн сактоо менен мыйзам-ыйман талаптарына ылайык коопсуз коомдук мамилени орнотуу. Ошондуктан жаңы кырдаалды баалап, алдыга туруктуу өнүгүү максатында аймактагы кызыкдар тараптардын мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга, жаратмандыкка багыттоочу программа даярдоо зарыл болду. Ошондой эле, жаңы жумушчу орундарын түзүү үчүн кичи ишканаларды ачуу, эл аралык долбоорлор менен кызматташуунун башталышы эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет.<br><br>Айыл аймагынын калкынын жашоо шарттарын жакшыртуу, анын ичинде азыркы жана келечек муундардын экономикалык, социалдык жана экологиялык бакубаттуулугун жогорулатуу менен акылдуу жашыл аймакка айландыруу.<br>Жети-Өгүз А/Анын экономикасы мал чарбачылыгына, өсүмдүк өстүрүүгө жана туризмге багытталган, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен кичи жана орто бизнес ачууга жагымдуу шарт түзүлгөн, тиричилик инфраструктурасы жогору болгон аймак.<br>Бул СЭӨПто каралган милдеттерди ишке ашыруунун натыйжасында социалдык-коммуналдык инфраструктура жакшыртылып, калктын бардык катмары үчүн, анын ичинде балдар, жалгыз бой энелер, кары-картаңдар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу жана жашоонун бардык шарттары менен коопсуз болгон аймак.<br>ААнын калкы таза суу жана байланыш менен камсыздалып, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо, санитария, көрктөндүрүү, жашылдандыруу тармактарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт. Калктын ичинде сергек жашоо образын жайылтуу менен дене тарбия жана спорт тармагын өнүктүрүлөт. |
| **2-БӨЛҮМ. КАЛК** | |
| 2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары | |

| Категория | факт | | | күтүлгөн | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021-ж** | **2022-ж** | **2023-ж** | **2024-ж.** | **2025-ж** | **2026-ж** | **2027-ж** |
| Жыл башындагы туруктуу калктын саны (адам) | 24352 | 24156 | 23561 | 23913 | 24265 | 24617 | 24969 |
| Өсүш темпи % | 1,4 | 1 | 2,16 | 1,52 | 1.01 | 1.01 | 1.01 |
| анын ичинде аялдар | 12189 | 12 104 | 12124 | 12196 | 12570 | 12752 | 12934 |
| Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны, (адам) | 16615 | 16644 | 16422 | 16594 | 16717 | 16840 | 16963 |
| Өсүш темпи (%) | | 1,7 | -0,6 | 1,0 | 0,7 | 0,7 | 0,7 |
| анын ичинде аялдар | 8141 | 8155 | 8046 | 8131 | 8191 | 8251 | 8311 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеген калктын саны (адам): | 8307 | 8322 | 8211 | 8297 | 8359 | 8420 | 8482 |
| Айыл чарба | 3300 | 3110 | 2901 | 3016 | 2988 | 3021 | 3030 |
| Өнөр жай | 520 | 532 | 540 | 548 | 560 | 568 | 580 |
| Иштетүүчү | | 609 | 620 | 628 | 637 | 644 | 657 |
| Электр энергиясы | 80 | 85 | 86 | 86 | 90 | 95 | 100 |
| Курулуш | 1201 | 1230 | 1238 | 1245 | 1255 | 1267 | 1278 |
| Соода | 1100 | 1150 | 1180 | 1200 | 1225 | 1235 | 1243 |
| Транспорт жана байланыш | 420 | 425 | 432 | 440 | 452 | 458 | 464 |
| Башка кызматтар | 1050 | 1070 | 1100 | 1120 | 1132 | 1102 | 1090 |
| Калдыктарды кайра иштетүү | -- | --- | -- | --- | -- | -- | --- |
| Жумушсуздардын саны (адам): | | 247 | 412 | 687 | 605 | 550 | 500 |
| Өсүш темпи | | 6,9 | 6,8 | 6,8 | -12.0 | -10 | -10 |
| анын ичинде аялдар | 76 | 127 | 213 | 355 | 370 | 385 | 400 |
| Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны (адам) | | | | 1081 | 1030 | 1020 | 1000 |
| Өсүш темпи | | | | | | | |
| Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 1214 | 1220 | 1230 | 1221 | 1224 | 1300 | 1400 |

| Өсүш темпи (%) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

Бүгүнкү күндө Жети-Өгүз айыл аймагынын калкынын санарип аймакка катталган адамдардын саны 22363 адам, анын ичинен аялдар 11159 адам. Калктын өсүү темпи 0,7 % түзөт. Эмгекке жарамдуу калктын саны 16594 (49,9%), орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темптерди көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат, бирок бул мезгилден кийин бул чараларды ишке ашыруунун эсебинен жогору көрсөткүчтөрдү күтүүгө болот. Экономиканы өнүктүрүүгө багытталган программа, бул жаштардын сыртка агылышын олуттуу кыскартууга жана ошону менен эмгекке жарамдуу калктын кыйла олуттуу өсүшүнө алып келиши мүмкүн .

Расмий түрдө катталган жумушсуздардын саны 68 адамды түзөт. Айыл аймак боюнча жумуш орундары жетишсиз, расмий түрдө жумушсуз катары катталбаган адамдардын саны көп. Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган адамдардын саны - 1081 адам. Жакырчылыкты жоюу максатында мүмкүнчүлүккө жараша иштер алынып барылууда.

Сырткы миграцияга чыгып кеткен адамдардын саны болжол менен 1221 адам, так саны жок. Айыл өкмөтү тарабынан каттоого алынган мигранттын балдарынын эсепке алуу менен болжолдуу саны чыгарылды. Балдары 18 жашка толгон, өздөрү 18 жаштан жогору болгон жарандар чет өлкөгө мигрант катары иштеп кеткен жарандар көп. Алардын көпчүлүк бөлүгү Россия Федерациясына, Батыш ж.б. өлкөлөргө барып иштешет.

Айыл аймакта эмгекке жарамдуу калкты жумуш менен камсыздоо жана жакырчылыкты жоюу максатында Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан мүмкүн болушунча төмөндөгүдөй иш-чаралар жүргүзүлөт:

- кезекке турган жарандарды турак жай курууга жер участкалары менен камсыз кылуу;
- айылдардагы жер мунапысы маселесин чечип берүү;
- калкты жумуш менен камсыз кылуу бөлүмү менен жумушсуз жарандардын кесиптик билим алуусуна көмөктөшүү;
- аз камсыз болгон жарандарды коомдук пайдалуу жумуштарга тартуу менен аларга жумуш ордуна азык-түлүк менен камсыз кылуу долбоорлорун ишке киргизүү;
- кичи жана орто бизнести баштоону үйрөнүү боюнча окууларды уюштурууга көмөктөшүү;
- инвесторлорду тартууга, жаңы ишканаларды ачууга көмөктөшүү;
- жеке ишкердик кылууну көздөгөн жарандарга колдоо көрсөтүү.

Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча иштеген калктын саны:

Жети-Өгүз айылы, айыл аймактын борбору болгондугуна байланыштуу үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, аймактык суу чаба бөлүмү, муниципалдык ишканалар, соода, кызмат көрсөтүү түйүндөрү бар. Айыл тургундарынын аз бөлүгү билим берүү уюмдарында, кызмат көрсөтүү жайларында иштешет. Көбүнесе дыйканчылык, соода-сатык, мал чарбасы менен алектенишет.

Желе-Дөбө, Чырак , Кабак , Ак-Кочкор, Богатыровка, Липенка, Ичке-Булуң, Зеленый Гай, Кытай, Жон-Булак, Алкым, Конкино , Ырдык айылдарынын жашоочуларынын дээрлик көпчүлүк бөлүгү дыйканчылык, мал чарбасы менен алектенишет. Аз бөлүгү мектептерде, бала бакчада, ФАПта иштешет. Бийик тоолуу климаты татаал алыскы Курорт -Жети-Өгүз айылынын тургундары мал чарбасы, туризм багытында эс алуучуларды тейлөө, соода сатык менен тиричилик кылышат, аз бөлүгү жайкысын эки, үч ай Жети-Өгүз Санаториясында иштешет.

Жакырчылыктын жана жумушсуздуктун келип чыгуу себептери төмөндөгүлөр:

- Калктын эмгекке жарамдуу катмарынын миграцияга чыгып кетиши.
- Өнөр-жай кайра иштетүүчү чакан ишканалардын аздыгы.
- Калктын туруктуу жумуш орду менен камсыз болбогондугу.
- Элге бизнес жаатында долбоорлор боюнча маалымат менен толук камсыз болбогондугу.

Корутундулар жана сунуштар:

Калктын жалпы санынын өсүшү анча деле чоң эмес – жылына 1%, ал калктын табигый өсүшү жана табигый азайышы менен гана жөнгө салынат.

Эмгекке жарамдуу калктын жалпы санында иштеген калктын үлүшү 49,9% ды гана түзөт. Калктын көбү айыл чарбасында иштейт .

Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны республиканын башка аймактарына салыштырмалуу аз.

**3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА**

3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 ж. | 2022 ж. | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 30 | 35 | 50 | 65-70 | 75 | 80 | 90 |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 0 | 0 | 0 | 50 | 80 | 100 | 100 |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 5 | 8 | 10 | 11 | 15 | 20 | 25 |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 5 | 10 | 13 | 15 | 20 | 25 | 30 |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 200 | 350 | 400 | 1500 | 2000 | 2500 | 3000 |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 280 | 300 | 350 | 350 | 560 | 670 | 700 |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 25 | 25 | 25 | 25 | 25 | 30 | 35 |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | УСК | 98 | 99 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | ССМ | 7 | 7 | 7 | 9 | 9 | 9 |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | УСК | 0 | 0 | 12000 | 12000 | 12000 | 12000 |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

1. Таза суу: Жети-Өгүз айыл аймагынын Ичке-Булуң айылында “Тунук-Суу” МИ, Жети-Өгүз айылында “Жети-Өгүз Таза-Суу” МИ ичүүчү таза суу кызматын алып барышат, бул айылдарда тарифтер жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилип, антимонополия менен макулдашылган. Калган айылдарда ичүүчү таза суу кызматын ИСКАКБлар (СООВП) көрсөтүп келет. Богатыровка, Липенка, Зеленый-Гай, Жети-Өгүз-

Курорт, Жон-Булак айылдарында ичүүчү таза суу системасы жок. Ырдык айылынын жарымы таза суу системасына кире элек. Калктын Ичүүчү сууга жеткиликтүүгү бүгүнкү күндө 65-70 % дын тегерегин түзөт жана жергиликтүү калктын бардыгына жетишсиз, себеби, суу түтүктөрү толугу менен тартылып бүтө элек. Айыл аймакта айрым жаңы конуштар айылдарга кошулууда. Кээ бир айылдагы ичүүчу таза суунун системалары эскирген (союз мезгилиндеги суу түтүктөрү), реконструкциялоого муктаж, кээ бир айылдарда суу түтүктөрү такыр киргизилген эмес, резервуарлардын кубаттуулугу жетишсиз.

2. Катуу тиричилик калдыктары: Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу боюнча:

Айыл аймакта катуу тиричилик таштандыларын ташып чыгаруу кызматы азырынча уюштурула элек, б.а тазалык Муниципалдык Ишканасы жок. Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, китепкана, маданият, билим берүү уюмунун кызматкерлеринин күчү менен айыл аймагын таштандылардан арылтуу жумуштары жүргүзүлөт. Айыл аймактын 16 айыл (Жети-Өгүз-Курорт, Жети-Өгүз, Желе-Дөбө, Чырак, Кабак, Ак-Кочкор, Богатыровка, Липенка, Ичке-Булуң, Зеленый-Гай, Кытай, Жон-Булак , Алкым, Конкино, Ырдык). Кызмат көрсөтүүгө атайын таштанды чогултуучу техника жок. Айыл аймакта мыйзамдаштырылган таштанды полигон жок. Ал эми Жети-Өгүз айылынын түштүк төш жак бетте орун алган таштанды полигонун жабуу иштери жүрүп жатат.

Азыркы мезгилде Каракол шаарындагы таштандыларды кайра иштетүүчү “Каракол Аутсорсинг” жоопкелчилиги чектелген коому менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, тиешелүү иш кагаздары даярдалып жатат. Келечекте Жети-Өгүз айыл аймагындагы таштандыларды аталган ишканага ташып алып барып өткөрүү мерчемделүүдө.

3. Жолдор: Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү аз (11%), себеби, ички жолдорду асфальтоого жергиликтүү бюджеттин акча каражаты жетишсиз. Буга карабастан башка булактарды тартуу менен быйыл Жети-Өгүз айылынын Саркеев көчөсүнө асфальт төшөө жумуштары жасалып жатат.
4.Түнкү жарык: Бүгүнкү күндө айыл аймагындагы айылдардын борбордук көчөлөрү жарыктандырылган. Баардык 16 айылдар боюнча 223 көчө бар, ушулардын ичинен борбордук 31 гана көчөлөр жарыктандырылган.
Жети-Өгүз айыл аймагы боюнча дыйкандарга сугат суусун жеткирүү кызматын “Кашка-Суу” СПАсы, “Узун -Булак” жана “Достук” СПАлары тарабынан көрсөтүлүп, тарифтери райондук СПАларды колдоо бөлүмү тарабынан иштелип чыгып, айылдык жыйналышта элдин чечими менен бекитилген. Бүгүнкү күндө жогорудагы СПАларды бириктирүү максатында, сугат сууну жеткирүүнүн тарифинин калькуляциялары иштелип бүттү. Жакынкы күндөрү бирдиктүү МИ түзүлөт.

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кызмат акыларын чогултуудагы негизги көйгөйлөр:

-жарандардын жеке жоопкерчиликсиздиги, кызмат акынын убагында төлөбөй коюуусу, адам факторлору таасир этүүдө.
5. Спорт. Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны бүгүнкү күндө 1500 адамдан ушуун (7-18 жаш). Жети-Өгүз айылындагы маданий спорттук комплексинде спорттун 3 түрү боюнча секция ачылган: греко-рим күрөшү, каратэ-до, таэкван-до. Ал эми спорттун футбол оюну менен машыгуу үчүн Жети-Өгүз айыл аймагынын Жети-Өгүз, Ак-Кочкор, Желе-Дөбө, Чырак, Кабак, Липенка, Багатыровка, Ичке-Булуң, Жон-Булак, Алкым айылдарында кичи футбол аянтчалары курулган, бул айылдарга башка айылдын балдары дагы келип футбол ойношот. Күрөш, шахмат, теннис оюндары мектептердин базасында уюштурулуп өткөрүлүп жатат;
Демөөрлчүлөрдүн каржылоосу менен Конкин, Кытай, Ырдык, Ак-Кочкор, Курорт Жети-Өгүз айылдарында жаңы кичи футбол аянтчаларын куруу боюнча иштер жүрүп жатат, тиешелүү иш кагаздары даярдалууда. Жети-Өгүз айыл аймагындагы спорт чеберлери республикалык, эл аралык, облустук ж.б мелдештерде байгелүү орундарды багындырып келишүүдө. Спорт тармагын колдоо максатында Жети-Өгүз айыл өкмөтүнүн бюджетинен акча каражаты өз убагында которулуп берилип жатат. Азия чемпонатында Ак-Кочкор айылынын кулуну Темирбеков Ислам байгелүү 3-орунга ээ болуп, коло медаль алды.
6. Маданият тармагы: Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо” жана “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өздүгүн таануусун өнүктүрүү тууралуу концепсиясы жөнүндө” Жарлыктарын ишке ашыруу, айыл аймактагы жашаган улуттардын жана этникалык азчылыктардын унутта калып бара жаткан үрп-адат

каада салттарын жандандыруу, алардын улуттук тамак-аш продукцияларын коомчулукка кеңири жайылтуу менен чет өлкөдөн келген туристерге таанытуу багытында 2024-жылдын 13-июлунда Ырдык айылында Гастрономиялык “Тангор Фест” фестивалы уюштурулуп өткөрүлдү. Фестивалда Дунган, Уйгур, Кыргыз улуттарынын улуттук тамак аш азыктары келген конокторго тартууланды.
Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны 350 бала. Липенка айылдык маданият үйүндө комуз, бий кружогу бар баардыгы 18 бала барат. Ичке-Булуң айылында15 бала шахмат, 12 бала шашки кружогуна катышат, мындан сырткары бий кружогу ачылган. Айылда “Эне мээрими” аттуу шайыр апалар тобу түзүлгөн. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин буйругунун негизинде райондук деңгээлде уюштурулган “Кош канат” маданий кароо сынагында айыл аймактан каьышкан 1 үй-бүлөө 2-орунга ээ болду. Мындан сырткары Кыргыздын улуттук тамак аш конкурсунда айыл өкмөтүнөн түзүлгөн демилгелүү топ 2-орунга ээ болду. 12-майда “Эне мээрими” шайыр апалар тобу “ЭЛТР” телерадиокомпаниясынан өзүлөрүнүн таланттарын тартуулап келишти. Чырак, Кабак, Желе-Дөбө, Жети-Өгүз, Ак-Кочкор айылдарында “Аруузат” жана “Чырак” шайыр апалар тобу түзүлүп иш алып барып жатышат.
7. Балдардын мектепке чейинки билим берүүсү боюнча:
Айыл аймакта жалпысынан 3 бала бакча бар, 385 бала тарбияланууда. Бала бакча жетишсиз, маселе курч, электрондук кезекте турган балдардын саны 483. Республикалык бюджеттин эсебинен Ырдык айылына 140 орундуу бала бакчанын курулушу башталды.
8. Балдарды мектептик билим берүү менен камтуу 100%. Аймакта 13 мектеп бар, 4788 окуучу билим алат. Орто билим алууга бардык шарттар түзүлгөн, мектептердин материалдык-базасы бар.
9. Медицина: Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли калктын санына туура келет. 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу бар. 15 айылдын ичинен 10нунда калкты медициналык жактан тейлөөчү ФАПтар иш алып барышат.
10. Турак жай: Калктын турак жай менен камсыз болушу: Бир тургунга жалпы аянттын кв.м статистика боюнча 12 чарчы метрди түзөт. Турак-жай менен камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн саны 75-80%ды түзөт. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” №291-токтому менен бекитилген “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобого ылайык, Жети-Өгүз айыл аймагында жер мунапысына байланыштуу иштер тиешелүү деңгээлде аткарылып жатат.

Жер мунапысын жүргүзүүгө байланыштуу иштердин негизинде айыл аймак боюнча жалпы 44 жаран кайрылса анын 22 сине оң корутунду чыгарылып кызыл китептери тапшырылды. Калган 22 жарандын мунапыс обьектиси жок болгондугуна байланыштуу райондук комиссиянын чечиминин негизинде терс корутунду чыгарылды.

Жер мунапысын жүргүзүү иштеринин негизинде Жети-Өгүз Курорт айылынын тургундарынын ичинен 78 адам кайрылып, тиешелүү иш кагаздары даярдалып, райондук комиссиянын кароосуна киргизилген, бирок ушул 78 адамдын иш кагаздары райондук комиссиянын чечиминин негизинде кароо мөөнөтү убактылуу токтотулду. Калган арыздар каралууда. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” №291-токтому менен бекитилген “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” жобого ылайык, Жети-Өгүз айыл аймагында жер мунапысына байланыштуу тиешелүү деңгээлде иштер аткарылып жатат. Ушул маселе боюнча Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 6-июлунда Жети-Өгүз айыл аймагынан жер маселеси боюнча Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы “Жер мунапысын жүргүзүүчү райондук комиссиясына кайрылгандардын ичинен оң корутунду берилген жарандардын тизмесин коомчулука жарыялоо жөнүндөгү №54-буйругу кабыл алынып, жер маселеси боюнча кайрылган жыйырма төрт жаранныбыздын тиешелүү иш кагаздары бүтүп, айыл өкмөтүнүн маалымат такталарына кулактандыруулар илинип, газетага билдирүү жарыяланган.

Корутундулар жана сунуштар:

Айылдык аймактын деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга көңүл буруу. Бул максатта кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча атайын пландар иштелип чыгат жана муниципалдык ишкананын ишин жакшыртууга көңүл бурулат.

| |
|---|
| Калктын муктаждыктарын аныктоо боюнча 2024-жылдын 15- июнунда төмөнкү айылдарда чогулуштар өткөрүлгөн: Жети-Өгүз , Ак-Кочкор, Желе-Дөбө, Чырак, Кабак, курорт Жети-Өгүз, Липенка, Багатыровка, Ичке-Булуң, Кытай, Жон-Булак, Ырдык, Алкым, Конкин айылдары. Катышуучулардын саны 3250 адам, анын ичинен аялдар 1248 адам. |

| **3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү** | | |
|---|---|---|
| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
| Липенка айылынын жашоочуларын ичүүчү таза суу менен камсыздоо.<br>Айыл тургундары эски скважинадан, кудуктардан ичишет | Ичүүчү суунун системасы 60-70-жылдары жасалган. Таза суу системасынын баары жаңыртып реконструкцияланат. Айыл тургундары таза суу менен камсыз болот. Дүйнөлүк банктын каржылоосу менен ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бар | Корея өлкөсүнүн “KFHI” кайрымдуулук фондусуна Липенка айылынын тургундары таза суу менен камсыздоо боюнча сунуштар берилүүдө, долбоор ишке ашып калса 2028-жылы айылдын тургундары 100% ичүүчү суу менен камсыз болот. |
| Богатыровка айылынын жашоочуларын таза суу менен камсыздоо.<br>Айыл тургундары кудуктардан ичишет | Ичүүчү суунун системасы 60-70-жылдары курулган, таза суу системасын киргизүү зарыл. Дүйнөлүк банктын каржылоосу менен ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бар | Корея өлкөсүнүн “KFHI” кайрымдуулук фондусуна Богатыровка айылынын тургундары таза суу менен камсыздоо боюнча сунуштар берилүүдө, долбоор ишке ашып калса 2028-жылы айылдын тургундары 100% ичүүчү суу менен камсыз болот. |
| Жети-Өгүз Курорт айылына таза суу системасын киргизүү. Айыл эли ушул күндө сууну Жети-Өгүз суусунан ичет, күнүмдүк тиричилигине пайдаланышат. | Айыл ичине 3-5 км суу түтүгү тартылат. Айыл эли таза суу менен камсыздалат. Жети-Өгүз санаториясы толугу менен реконструкцияланса айылдын таза суу системасын чогуу жасап кетүүгө мүмкүнчүлүк бар. | Айыл тургундары (айылдагы түтүндүн саны 100) 100% ичүүчү суу менен камсыз болот. 2025-2026-жылдар |
| Жети-Өгүз айылынын Зенкеев Абдыкерим көчөсүн асфальттоо | Республикалык бюджеттин эсебинен 1 км 785 метр жерге асфальт төшөө керек. | 2025-2026-жыл<br>А.Зенкев, Мамырбаев, Н.Абдиева көчөсү аркылуу өткөн унааларга, жөө адамдарга, туристтерге жакшы шарт түзүлөт. |
| Ичке-Булуң- Липенка, Липенка-Богатыровка,<br>Богатыровка-Кабак,<br>Кабак-Чырак айылдарын бириктирген авто унаа жолун асфальттоо. | Республикалык бюджеттин эсебинен асфальтталышы керек. Жергиликтүү бюджеттен каржылоого акча каражат жетпейт. Бул жол менен маршруттук линия каттайт. | 2025-2027-жыл<br>Ичке-Булуң- Липенка,<br>Липенка-Богатыровка,<br>Богатыровка-Кабак,<br>Кабак-Чырак айылдарын бириктирген авто унаа жолу асфальтталса жүргүнчүлөргө, маршруттук линиядагы кичи автобустардын айдоочуларына жакшы шарттар түзүлөт жана жалпы эле айыл |

| | | |
|---|---|---|
| | | аймактын инфраструктурасы жакшырат. |
| Ичке-Булуң айылындагы курулушу токтоп турган бала бакчанын курулушун толук бүтүрүп пайдаланууга берүү. | Буга чейин Ысык-Көлдү өнүктүрүү фондусунун каржылоосу менен дээрлик 80% курулушу бүтүп, белгилүү себептер менен курулушу токтоп турган бала-бакчанын курулушун толук бүтүрүп ишке берүү. | 2025-2026-жыл<br>Ичке-Булуң айылындагы курулушу токтоп турган бала бакча курулуп пайдаланууга берилип калса балдарга ыңгайлуу шарт түзүлөт. |
| Жети-Өгүз айылынын борборуна Б.Байсеркеев көчөсүнө “Бирназар”Бий ордосу -аксакалдар санжыра маданий борборун куруу | 0,12 га жер тилкеси каралып, | 2024-жыл. июнь<br>Айылдын инфраструктурасы жакшыртылат маданий иш чаралар өткөрүлөт |

**4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ**

4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү (миң сом)

| Категория | Факт | | | күтүлг өн. | Прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 ж. | 2022 ж. | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)- (жылдын аягына карата толук наркы боюнча) | 144806,1 | 277030,5 | 362484,8 | 387125,5 | 401236,9 | 450523,2 | 500123,3 |
| Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү: | 34750,1 | 36807,5 | 38147,6 | 40656,8 | 42726,5 | 45397,1 | 48318,8 |
| Айыл чарба: | 24647,1 | 25868,5 | 26912,6 | 28921,8 | 30591,5 | 32662,1 | 35081,8 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 75865,4 | 800120,2 | 863292,5 | 863292,5 | 863292,5 | 863292,5 | 863292,5 |
| Мал чарбачылыгы | 163650,0 | 177789,63 | 1894182,5 | 1894182,5 | 1894182,5 | 1894182,5 | 1894182,5 |
| Өнөр жай кызматтары | 49016,9 | 59361,5 | 48539,8 | 70250,1 | 71545,1 | 72450,2 | 73560,3 |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар -ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада | 17000,0 | 42878,0 | 95185,1 | 106155,0 | 151681,0 | 171410,0 | 195928,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү: | 313596,8 | 556048,5 | 689421,6 | 714229,0 | 733030,3 | 747403,4 | 771476,1 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 328000,0 | 430000,0 | 590449,0 | 1291781,0 | 1291781,0 | 1291781,0 | 1291781,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 583,5 | 617,0 | 674,5 | 690,1 | 710,2 | 721,3 | 735,1 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | - | - | - | - | - | - | - |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар | - | - | - | - | - | - | - |
| Билим берүү | 1980,3 | 3769,5 | 4334,2 | 4417,2 | 4535,5 | 4686,4 | 4788,9 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 17155,3 | 9818,2 | 12948,4 | 13442,3 | 13942,3 | 14462,3 | 14997,3 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 143,3 | 178,0 | 177,2 | 184,2 | 191,3 | 197,4 | 101,6 |
| Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү | 8977,3 | 20493,3 | 12147,0 | 12657,0 | 13207,0 | 13807,1 | 14457,0 |
| Түз инвестициялар | 17000,0 | 42878,0 | 929777,5 | 424289,9 | 437531,2 | 441640,1 | 445657,1 |
| Айыл чарба | - | - | - | - | 10000,0 | 10000,0 | 10000,0 |
| Өнөр жай | - | - | - | - | - | - | - |
| Курулуш | | | | | | | |
| Соода | - | - | - | | | | |
| Транспорт жана байланыш | - | - | | | | | |
| Башка кызматтар | - | - | - | - | - | - | - |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктын кирешеси: | 284038,0 | 536362,6 | 684224 | 709089,2 | 725946 | 739279.8 | 762814,8 |
| Орточо номиналдык эмгек акы | 11774,0 | 17735,0 | 18100,0 | 19000,0 | 19000,0 | 19000,0 | 19000,0 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары | 1160,0 | 1940,0 | 6040,0 | 5400,0 | 5250,0 | 5050,0 | 4800,0 |
| Пенсиялардын орточо өлчөмү | 6886 | 8292 | 9800 | 10100 | 12316 | 14256 | 16520 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 0,810 | 1,200 | 1,200 | 1,200 | 1,200 | 1,200 | 1,200 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешенин орточо өлчөмү | 235154,0 | 464564,0 | 596104,0 | 615314,0 | 628112,0 | 635313,0 | 651340,0 |

4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо

Жети-Өгүз айыл аймагынын  экономикасында айыл чарбасынын үлүшү чоң, анын ичинен  дыйкан чарбасы – 69 % , мал чарбасы  31 % .

Жети-Өгүз  ААнын  айыл чарбасынын түзүмү:




Айыл чарбасы менен ар бир үй-бүлө алектенет.  Бүгүнкү күндө жер иштетүү, асыл тукум мал өстүрүү боюнча жаңы түзүлүп келе жаткан кооперативдер, биогумус иштетүү, таза биогаз алуу, гидропоника өстүрүү жаатында алгылыктуу иштерди жүргүзүп жаткан фермерлер дагы бар.

Айыл аймактын айыл чарба жерлеринин сугатка ылайыктуусу -65%, кайрак жерлер-20%, пайдаланууга жараксыз жерлер- 10%, алма бак жана чөп чабындылар-5%. Азыркы учурда жергиликтүү калктын көпчүлүк бөлүгү жер себишет жана түшүмдүүлүктү көтөрүү максатында химиялык заттарды колдонушат. Анын кесепетинен жерлердин сапаты төмөндөөдө. Ошондой эле, алмаштырып себүү эске алынбайт.

Жети-Өгүз айыл аймагы боюнча дыйкандарга сугат суусун жеткирүү кызматын “Кашка-Суу” СПАсы, “Узун-Булак” жана “Достук” СПАсы көрсөтүлүп, тарифтери райондук СПАларды колдоо бөлүмү тарабынан иштелип чыгып, айылдык жыйналышта элдин чечими менен бекитилген. Бүгүнкү күндө жогорудагы СПАларды бириктирүү максатында, сугат сууну жеткирүүнүн тарифинин калькуляциялары иштелип бүттү. Жакынкы күндөрү МИ түзүлөт.

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кызмат акыларын чогултуудагы негизги көйгөйлөр:

-жарандардын жеке жоопкерчиликсиздиги, кызмат акынын убагында төлөбөй коюуусу, адамдык факторлор таасир этүүдө.

Жергиликтүү тургундардын басымдуу бөлүгү дан эгиндерин, картошка жана көп жылдык чөп (тоют) өстүрүшөт. Айыл аймакта айыл чарба өсүмдүктөрүн өзгөчө малинанын, бүлдүркөндүн, карагаттын сапаттуу көчөттөрүн өндүрүү, түшүм алуу  үчүн жакшы өбөлгөлөр бар. Буга карабастан айыл аймактын агрардык сектору дагы бир катар көйгөйлөр менен мүнөздөлөт:

- Ички чарбалык арык-каналдардын эскилиги;
- Дыйкандардын жерди туура пайдалануу боюнча тажрыйбасы жетишсиздиги түшүмдүн аз болуусуна жана чыгашаларга алып келүүдө;

- Түшүмдү көп алуу үчүн химиялык заттардын туура эмес колдонулушу азык-түлүк коопсуздугуна таасир этип, айыл чарба жерлеринин кунарын кетирүүдө;
- Өндүрүүчүлөр үчүн жеңилдетилген насыялардын көлөмүнүн аздыгы, мамлекеттик банк тарабынан талап кылынган документтеринин көптүгү жана насыяларды алуу процесстеринин татаалдыгы;
- Күйүүчү, майлоочу жайлардын баасынын туруксуздугу;
- Агрардык билимге ээ атайын адистердин жоктугу;
- Айыл чарба продукциясынын баасынын төмөндүгү;
- Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу;
- Айыл чарба продукциясын экспорттоо үчүн эл аралык стандарттагы лабораториялардын жоктугу;

Мал чарбасы. Айыл жергесинде ар бир кожолуктун өзүлөрүнө тиешелүү мал чарбасы бар. Ар бир мал чарбасы бар кожолук тоютун өзү камдап, мал жандыктарын өзүлөрүнүн күчү менен багып келишет. Мал чарбасы айыл тургундарынын бирден-бир негизиги киреше булагы болуп саналат. Ошол себептен аймакта мал чарбасын өнүктүрүүгө көңүл буруу талап кылынат. Мал чарбасын өнүктүрүүдөгү тоскоолдуктар:

- Аймакта мал чарба тармагында адистештирилген чарбалардын жоктугу;
- Эт жана сүт азыктарын кайра иштетүү цехтеринин жоктугу;
- Тоюттун баасынын туруксуздугу, баасынын кымбаттыгы;
- Бордолгон малдардын арзан баада болуп калуусу;
- Асыл тукум малдын аздыгы;
- Ветеринардык билими бар адистердин жоктугу;
- Ветеринардык пункттардын жоктугу;

Айыл чарбасы менен мал чарбасындагы жогоруда айтылган көйгөйлөрдү жоюп, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн сандан сапатка өтүү принциби менен түшүм алуу, үрөн даярдоо, тоют даярдоо, мал багуу, эт, сүт азыктарын кайра иштетүү боюнча жергиликтүү калкка окуу иш-чараларын өткөрүүгө көмөктөшүп, аларды үрөн жана сугат суу менен камсыздоо иштерин жүргүзүү керек.

Кичи жана орто бизнес. Айыл аймакта кичи ишкердик жүргүзүү өсүү тенденциясында. Кичи жана орто бизнес кылуу, соода-сатык түйүндөрүн ачуу жана кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү акырындык менен өнүгүүдө. Аймактын экономикасын көтөрүү үчүн инвесторлорду жана жеке ишкерлерди аймагыбызда ишмердик кылууга тартуу жана ыңгайлуу шарттарды түзүү керек.

Туризм. Жети-Өгүз айыл аймагы туристтик зоналардын катарын толуктайт. Аймакта туризмдин бардык багыттары (конный туризм, горный туризм, пеший туризм, альпинизм, аркан жол ж.б. ) жанданып келатат. Аймактын экономикалык абалын жакшыртуу үчүн туризм багытына көңүл бөлүп, сервистик кызмат көрсөтүү, мейманканаларды, этно-тамактануучу жайларды, конок үйлөрүн ачуу боюнча жергиликтүү калкка колдоо көргөзүп, аймактын сервистик инфраструктурасын жакшыртуу зарыл. Туристтерди кызыктыруу үчүн аймактын туристтик жол картасын түзүү керек.

Корутундулар жана сунуштар:

Жети-Өгүз айыл аймагынын экономикалык адистешүүсү дыйканчылык, мал чарбачылыгы жана туризм тармагы, соода-сатык менен чектелет. анын үлүшүнө жалпы айыл чарба продукциясынын 65 % туура келет . Буга климаттык шарттар жана ААнын географиялык жайгашуусу шарт түзөт. Мал чарбачылыгын мындан ары өнүктүрүү үчүн тоют менен камсыз кылууну көбөйтүү, фермерлерди окутуу жана ветеринардык көзөмөлдү жакшыртуу боюнча бир катар чаралар СЭӨПда каралат. Өсүмдүк чарбачылыгынын экономикалык өсүштүн негизи катары каралып - бул жерде тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү аркылуу өсүмдүк өстүрүүчүлүктү жана мал чарбачылыгын өнүктүрүүнү шайкеш келтирүүгө болот, мындан тышкары ирригацияны, үрөнчүлүктү, мөмө жемиштерди өнүктүрүү боюнча чаралар каралган жана дыйкандарды окутууга көңүл бурулат.

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрү чоң эмес, бул ААнын андан ары өнүгүүсүнө негиз болуп саналат. Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнү жана жеңил өнөр жайын өнүктүрүүнү колдоо зарыл.

ААнын жаратылышы кооз абасы таза табияты жагымдуу болгондуктан туризм тармагы өнүгүүнүн негизги приоритетүү багаты болуп калышы керек, айыл аймагын өнүктүрүү үчүн келечектүү тармактардын бири

| |
|---|
| туризм болуп саналат, андыктан туристтик эс алуучу зоналарды уюштуруу жана башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тажрыйба алмашуу боюнча чаралар көрүлөт жана туристтерди кызыктыруу үчүн аймактын туристтик жол картасын түзүү замандын талабы болуп турат. |
| |
| **4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар).** |

| Артыкчылык | Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр | Бааланган наркы (миң сом) |
|---|---|---|---|
| Дыйканчылыкты өнүктүрүү | Дыйкан/ фермерлерди жогорку сапаттагы үрөндөр менен камсыз кылууга (буудай, арпа) көмөктөшүү<br>70% дыйкан фермер төлөйт, 30% материалдык резервдик фондудан төлөнөт. | 2024-2027-жылдар<br>Дыйкан/фермерлердин 30% женилдетилген шартта үрөөндөр менен камсыз болот, кирешелери 50-60%га жогорулайт. | Мамлекет тарабынан берилген квотага ылайык |
| Органикалык аймак класстерин түзүү | Мамлекеттин жана бей өкмөт уюмдардын жардамы менен фермерлерди, жаштарды жана калктын аярлуу катмарынын органикалык жол менен өсүмдүк өстүрүү, тоют дайындоо боюнча окутуулар өткөрүлөт. | 2024-2027-жылдар<br>Фермерлер органикалык азык-түлүктөрдү өндүрүүнү,органикалык жер семирткичтерди алууну (биогумус, биогаз), тоют өндүрүүнү (гидропоника) өздөштүрүшөт. | Бей өкмөт уюмдар/ долбоорлор/ жеке тараптардан көз каранды |
| Жеке ишкердикти жандандыруу максатында үй шартында сүттү кайра иштетүүгө көмөктөшүү | Долбоорлорду тартуу менен сүттүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үй шартында аны кайра иштетүү боюнча чакан топто окутууларды өткөрүүгө көмөк көргөзүү | 2025-2027-жылдар<br>Кайра иштетүү жандандырылат | Долбоор/ демөөрчүлөрдүн каржылоосуна жараша |
| Айылдарда ветеринардык пункттарды ачуу | Айыл өкмөтү вет пункттарга орун бөлүп берүүгө көмөк көрсөтөт. Ишкерлердин тике инвестицияларынын эсебинен керектүү жабдуулар жана үрөн материалдары сатып алынат, ошондой эле адистердин консультациялары төлөнөт | 2025-2027-жылдар<br>ветеринардык кызматтар көрсөтүлөт. (Эмдөө, дарылоо, жасалма уруктандыруу). Асыл тукум малдын башы көбөйөт. | Долбоор/ жеке ветеринарлар тарабынан иш алынып барылат. |
| Туризмдин өнүгүүсүнө шарт түзүү | Туризм чөйрөсүндө сервистик кызмат көрсөтүү, конок үйлөрдү ачуу боюнча окутууларды уюштурууга көмөктөшүү | 2024-2027-жылдар<br>Кызыкдар болгон айыл тургундары сапаттуу туристтик кызмат көрсөтүү | Долбор/ демөөрчүлөрдүн каржылоосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | боюнча билим алышат, көндүмдөргө ээ болушат | |
| Аймакта кичи жана орто бизнестин өнүгүүсүнө шарт түзүү | Айыл өкмөтү тарабынан муниципалдык жерлердин багыттары аныкталып, конкурстук негизде ижарага берилет, | 2024-2027-жылдар<br>Жеке ишкерлер соода-сатык түйүндөрүн, кызмат көрсөтүү жайларын ача алышат. | Айыл өкмөтү тарабынан шарт түзүлөт |
| Айыл аймакта кайра иштетүүнү жана кичи ишкердикти жолго салуу | Инвестиция тартуу менен экономикалык долбоорлорду ишке ашыруу, жабдууларын алып берүү, жер тилкеси же имарат менен камсыз кылуу. Алынган жабдууларды келишимдин негизинде жеке ишкерге берүү | 2024-2025-жж. өндүрүлгөн азыктарды кайра иштетүүчү кичи цехтер ачылат, жумуш орундары түзүлөт. | Долбоорлорду тартуу<br>45000,0 |
| АТР негизинде мурунку Ырдык, Липенка айыл өкмөттөрүнүн бошогон имараттарынын багыттарын өзгөртүп кайрадан пайдаланууга берүү | Бошогон имараттарды ремонттоп кайрадан айылдардын муктаждыктары үчүн пайдаланууга берүү | 2025-2027-жылдар аралыгында пайдаланууга берүү | Жергиликтүү бюджет<br>20000,0 |

**4.4. Экономикалык өнүгүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга болгон муктаждыктарга анализ жүргүзүү**

| Инвестициялык артыкчылыктар | Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр | Бааланган наркы (сом) |
|---|---|---|---|
| Дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу | Айылдардагы ички чарбалык арык-каналдарды механикалык тазалоодон өткөрүүгө, ички жана талаа арыктарынын керектүү жерлерине суу түтүктөрү (көпүрлөр) орнотуп берүүгө, заставаларды, шлюздарды оңдоого жергиликтүү бюджеттен каражат каралат, айыл өкмөтү тарабынан алынып берилет. Сугат сууну тейлеген жактын жардамы менен жасалат. | 2024-2027-жылдар<br>Сугат учурунда дыйкандар суу менен камсыз болушат. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулайт. Сугат суусу коромжусуз дыйкандарга жетет. | Жергиликтүү бюджет 2 млн сом |
| Логистикалык борбор (жашылча-жемиштерди, сактоо, тоңдуруу) ачуу | Айыл өкмөтү тарабынан жер участкасы каралган. Инвестиция тартуу менен курулуш иштери жүргүзүү, жабдууларын алып берүү, жеке ишкерге келишимдин негизинде ишке берүү. | 2026-2027-жылдар<br>Фермерлер өндүргөн жашылча-жемиштерин тондуруп, сактоого мүмкүнчүлүк | Инвестор<br>4,8 млн сом |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | түзүлөт, 8-9 жумуш орундары түзүлөт | |
| Энергияны үнөмдөөчү жемиштерди ж.б. азыктарды кургатуучу кичи цех ачуу | Инвестиция тартуу менен заманбап, күндүн энергиясы менен жемиш ж.б. азыктарды кургатуучу жабдууларды алуу (сушилка, мясорубка, упаковка ж.б.). жеке ишкерге келишимдин негизинде ишке берүү | 2025-2027-жж.<br>Өндүрүлгөн азыктарды (жашылча, жемиш, дары чөптөр ж.б.) кайра иштетилет. 2-3 жумуш оруну түзүлөт. жашылча жемиштер, дары чөптөр коромжуга учурабайт. Ишкерлер киреше табат. | Жергиликтүү бюджет<br>950 миң сом |
| Күнөсканаларды ачууга көмөктөшүү | Инвестиция тартуу менен жашылча, жемиштерди өстүрүүнү каалаган ишкерлерге көмөк көргөзүү. Жабдууларын алып берүү, жеке ишкерге келишимдин негизинде ишке берүү | 2025-2027-жж.<br>Жеке ишкерлик кылууга шарт жана жумуш оруну түзүлөт. | Долбоор<br>950 миң<br>Жеке ишкер |
| Мөмө-жемиштерди кайра иштетүү, шире чыгаруучу цехтерди ачуу | Жеке ишкерлерге көмөктөшүү | 2025-2027-жылдар<br>Шире суусундуктар өндүрүлөт, жумуш орундары түзүлөт | Жеке ишкер<br>1,7 млн |
| Балык өндүрүү боюнча фермердик чарбалардын түзүлүүсүнө көмөктөшүү | Балык өндүрүү боюнча Липенка, Богатыровка, Чырак айылдарында пруддарды жасоого жерлерди ижарага берүү | 2024-2027-жылдар<br>Балык продукциясы өндүрүлөт | Жеке ишкер<br>3 млн сом |
| Чырак айылындагы курамында күмүштүн элементтери бар артезиан таза суусун идиштерге куюп чыгаруучу ишкана ачууга көмөктөшүү | курамында күмүштүн элементтери бар Чырак айылындагы артезиан таза суусун идиштерге куюп чыгаруучу ишкана ачууга айыл өкмөтү тарабынан уруксаат берилет, жеке ишкер же инвестор тарабынан каржыланып чакан ишкана ачылат. | Айыл тургундары жумуш орду менен камсыз болушат, айыл өкмөтүнүн бюджетине кошумча каржы түшөт | 2025-2027 жылдар<br>Инвестор<br>4-5 млн сом |
| Көк-Жайык жайлоосунда, Ырдык жайлоосунда ж.б жайлоо өрөөнүндө, Жети-Өгүз Курорт айылында, Кабак, Чырак, Липенка айылдарынын көл жээк тилкелеринде туризмди өнүктүрүү | Туризм класстерин (альпинизм, конный, пеший туризм) түзүү, туристтик борборлор менен иш алып баруу | 2025-2027-жылдар<br>Туристтик борбор ачуу | Инвестор, жеке ишкерлер<br>50 млн сом |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жети-Өгүз-Курорт айылынын түштүк-батыш тоо бет жагына лыжа тебүүчү аркан жолун куруу, Жети-Өгүз Курорт айылына кышкы спортту өнүктүрүү үчүн лыжа база ачуу | Лыжа базасын ачууга жана аркан жолун курууга жер бөлүп берүү үчүн тийиштүү мамлекеттик органдар менен биргеликте иш кагаздарын даярдоо башталууда, Лыжа базасына ыңгайлуу жер бар | 2024-2027-жж. | “Maunty Sry” уюму аркылуу<br>3 млн сом |
| Көк-Жайык жайлоосуна чакан ГЭС куруу | Жети-Өгүз айыл өкмөтүнө тиешелүү жерден электр мамыларын жана электр чубалгыларын тартып өтүү үчүн Жети-Өгүз айылдык кеңеши жана Жети-Өгүз айыл өкмөтү тарабынан уруксаат иш кагаздары берилди. | 2024-2026-жылдары Көк-Жайык жайлоосунда<br>1 чакан ГЭС ишке берилет. Жергиликтүү калк электр энергиясы менен камсыз болот | “Бишкек Строй конструкция” ЖЧКнун каржылоосу |
| Жети-Өгүз айылынын түштүк тарабына төш жак бетке (таштанды таштоочу жайдын жанына)<br>беккари чуңкурун салуу | Жети-Өгүз айыл аймагы боюнча беккари чуңкуру жок болгондугуна байланыштуу малдардын өлүктөрүн өрттөп жок кылуучу беккари чуңкуру салынат | 2024-жыл<br>Малдын өлүгү утилизацияланат, инфекциялык ооруларды алдын алууга шарт түзүлөт. | Жергиликтүү бюджет 1000,0 сом |
| Жети-Өгүз айыл аймагынын Ак-Кочкор айылына кирпич заводун куруу | Ак-Кочкор айылына кирпич заводун курууга баардык уруксаат иш кагаздары даяр, жери бөлүнүп берилген. Завод курууга инвесторлор изделүүдө | 2025-2026-жыл | Инвесторлор 90000,0 |

**5-БӨЛҮМ. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ**

5.1. Инклюзивдүү өнүгүү (адам) Жети-Өгүз

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 г. | 2022 г. | 2023 г. | 2024 г. | 2025 г. | 2026 г. | 2027 г. |
| Иштей ала турган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (адам) 2-3гр | 1218 | 1225 | 1240 | 1250 | 1250 | 1250 | 1250 |
| Иштей албаган оор майыптыгы бар адамдар (адам) 1-гр | 323 | 323 | 323 | 323 | 323 | 323 | 323 |
| Өтө жакыр адамдар (адам) | 50 | 50 | 50 | 46 | 44 | 40 | 35 |
| Турмуштук оор кырдаалдагы балдар (адам) | 2 | 3 | 2 | 2 | - | - | - |
| Турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөр (бир.) | 4 | 4 | 4 | 2 | - | - | - |
| Алыскы калктуу конуштардын калкы (адам) | 350 | 355 | 359 | 281 | 366 | 370 | 374 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эмгек мигранттарынын жашы 18ге жете элек балдары (адам) | 150 | 155 | 155 | 464 | 160 | 165 | 170 |
| Этникалык азчылыктар (адам) | 35 | 35 | 35 | 31 | 35 | 35 | 35 |
| Аялдар (жалпы калктын санынан) (адам) | 12189 | 12104 | 12124 | 12196 | 12571 | 12752 | 12934 |
| Аялдар (калктын жалпы санынан% ) | 50,05% | 51,11% | 51,46% | 51% | 51,8% | 51,8% | 51,8% |
| Улгайган (жалгыз) (адам) | 30 | 30 | 32 | 32 | 32 | 32 | 32 |
| Гендердик зомбулук учурлары (бир.) | - | - | - | - | - | - | - |
| Кризистик борборлордун болушу (бир.) | - | - | - | - | - | - | - |

5.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү

Калктын аярлуу катмары:

Айыл аймак боюнча азыркы учурда 536 үй-бүлө жакырчылык деңгээлинде жашап келет, бул калктын 12% түзөт. Буга карабастан айыл аймакта аз камсыз, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр катталып келет. Анын бирден-бир себеби, ичкиликке берилип кеткендер, ажырашуулар болуп саналат. Жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүү жана калктын аярлуу тобуна кам көрүү максатында айыл өкмөтү тарабынан төмөндөгүдөй чаралар көрүлүп келет:

- жумуш орундар менен камсыздоо, жеке ишкерлик менен алектенүүгө көмөктөшүү максатында социалдык контракттын негизинде аз камсыз үй-бүлөлөргө 100 миң сомдон алынып берилди. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан бизнес пландарын түзүүгө жардам берилди.
- кыз келиндерге жеке ишкердик кылуу, финансылык билим алуу, бизнес-пландарды түзүү боюнча окууларды уюштурууга көмөктөшүп келет.
- аз камсыз жакыр үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрү, жалгыз бой жашаган адамдар каза болсо сөөк жашырууга материалдык жардамдар берилип келет.
- турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөөлөргө өздүгүн тастыктоочу жана керектелүүчү башка документтерин калыбына келтирүүгө, турак-жай маселесин чечүүгө көмөктөшүү,
- дарыланууга материалдык жактан колдоо көрсөтүү иш-чараларын жүргүзүлөт. Ошондой эле оор кырдаалга кабылган себептерин аныктоо менен юридикалык, психологиялык консультациялар уюштурулууда.
- жалгыз бой кары адамдарга күз-кыш мезгилинде отун-көмүр менен камсыздоо, турмуш-тиричилигин жакшыртууга көмөктөшүлүүдө.
- ДМЧАларга, балдарга отун-суу менен жардам берилип, муктаждыгына жараша дары-дармек алууга жардам көрсөтүлөт.

Корутундулар жана сунуштар :

Аярлуу топтор калктын жалпы санында өтө чоң үлүшүн түзбөйт, бирок ошого карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан даректүү материалдык жардамдан тышкары, калктын аярлуу катмарынын өкүлдөрүн иш менен камсыз кылуу боюнча бир катар чараларды көрүү керек. Аларга мамлекет тарабынан жеңилдетилген пайызсыз акча каражаттарын берүү зарыл. Айыл өкмөтү тарабынан алардын ичүүчү таза сууга, электр энергиясына, салык ж.б төлөмдөрдөн жеңилдик бериш керек.

**5.3. Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| Артыкчылык | Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| Аз камсыз үй-бүлөлөргө ишкерлик менен алектенүүгө көмөктөшү менен жакырчылыктан чыгаруу | Республикалык "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам" долбоорунун негизинде иш алып баруу | 2024-жыл<br>Болжолдуу 35 аз камсыз үй-бүлөгө үй-бүлөлүк ишкерлик бизнес планын ишке ашырууга 100,0 миң сомдон берилет. |
| Аз камсыз үй-бүлөлөргө жер иштетүү менен жакырчылыктан чыгууга көмөктөшүү. | ФПСтин ижарага берилүүчү жерлеринин 20% аз камсыз үй-бүлөлөргө минималдуу ижара акы менен түз жол менен берилет . | Жыл сайын<br>Бир үй-бүлө 0,40 га ижарага жер алат жана аны иштетүүгө техника менен камсыздалат |
| Жалгыз бой кары адамдарга кам көрүү | Күз-кыш мезгилинде отун-көмүр таратылып берилет. | 2024-2028-жылдар.<br>Айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен, демөөрчүлөрдүн колдоосу менен көмүр, отун таратылып берилет. |
| Калктын аярлуу топторуна муктаждыгына жараша материалдык колдоо көргөзүү | Социалдык маселелер боюнча комиссиянын чечиминин негизинде материалдык колдоо көргөзүү:<br>-сөөк жашырууга;<br>-дарыланууга;<br>- азык-түлүк алууга; | 2024-2028-жылдар<br>Жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша каражат каралып, аярлуу топторго колдоо көргөзүлөт. |
| Мамлекеттик/ муниципалдык социалдык тапшырык менен иш алып баруу | - 18-45 жаш курагындагы турмуштук оор кырдаалга кабылган адамдарды эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон кесиптик көндүмдөрдү алуусуна шарттарды түзүү; | 2024-2026-жылдар<br>Жергиликтүү бюджет.<br>300 000 сом<br>Калктын аярлуу тобунун турмуш-шарты жакшыртылат |
| Айыл аймакта зордук зомбулукту алдын алуу | Жыл сайын ар бир айылда үй-бүлөлүк зомбулукту алдын-алуу боюнча жергиликтүү комитет менен биргеликте иш-чараларды уюштуруу | 2024-2028-жылдар аралыганда зордук-зомбулук алдын алынат. |
| Аз камсыз үй-бүлөлөрдү социалдык турак-жай менен камсыз кылуу | Чырак, Богатыровка айылдарынын жаңы конуштарына 15 га айыл өкмөтүнүн жерине көп кабаттуу социалдык турак жайларды куруу | 2024-2028-жылдар<br>Кезекте турган үйү жок, аз камсыз, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр турак-жай менен камсыз болушат |
| Аялдардын ишмердүүлүгүн колдоо багытында иш алып баруу | Долбоорлор аркылуу аялдарга окутууларды уюштуруу:<br>-финансылык билим;<br>- кичи бизнестин түрлөрү жана пландоо; | 2025-2026-жылдар<br>Долбоорлордун каржылоосу менен айыл аймакта жыл сайын 30-60 чейин кыз-келиндер окуудан өтүшөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | - үй шартында туристтик сервистик кызматтарды көрсөтүү; | |
| Жумушсуздукту кыскартуу максатында кыска мөөнөттөгү кесиптик окууларга тартуу | Райондук калкты жумуш менен камсыздоо бөлүмү аркылуу жумушсуз жарандарды окууга жөнөтүү | Жыл сайын<br>10-12 адам атайын орто кесиптик билимге ээ болушат. |
| Коррекциялык класстардын ишмердүүлүгүн арттыруу | Жети-Өгүз айылындагы Д.Иманов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн ачылган (ДЦП ж.б.) коррекциялык класстын ишмердүүлүгүн жогорулатуу | Жети-Өгүз айылындагы Д.Иманов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн ачылган (ДЦП ж.б.) коррекциялык класстын материалдык базасы чыңдалат |

**6-БӨЛҮМ. МЕЙКИНДИК**

6.1. (таблица) Мейкиндик

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 ж. | 2022 ж. | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. |
